«КАБЫЛ АЛЫНДЫ»
Ж.Баласагын атындагы
КУУнун Окумуштуулар
кеңешинин отурумунда
Протокол № 11
30-июнь 2025-ж.

«БЕКИТЕМИН»
Ж.Баласагын атындагы
КУУнун ректору
проф. Д.Т.Чонтоев
_____________
___________2025-ж.

# Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий ишмердүүлүгүнүн концепциясы

Бишкек - 2025

**Ченемдик-укуктук шилтемелер:**

- Кыргыз Республикасынын Президентинин "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" унгужолу.
- Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин №598-р тескемеси, 2024-жылдын 30-сентябры.
- 2023-жылдын 11-августундагы "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.
- 2023-жылдын 8-августундагы "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.
- Бириккен Улуттар Уюмунун 2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү боюнча документи.
- Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин уставы.

**Ж. Баласагын атындагы КУУнун илимий ишмердүүлүгүнүн концепциясы**

Илимий ишмердүүлүк жогорку окуу жайынын ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Билим берүү системасынын курамдык бөлүгү катары илимий ишмердүүлүк профессордук-окутуучулар курамынын кесиптик деңгээлин жогорулатууда, ошондой эле студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды, PhD докторанттарды даярдоодо илимий-изилдөө көндүмдөрүн калыптандыруу жана билим сапатын жогорулатуу негизги орунду ээлейт.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий ишмердүүлүгүнүн миссиясы – бул илимий дүйнө таанымды кеңейтүү, өлкөнүн жана чет элдик илимий мектептердин тажрыйбасын жайылтуу, университеттин билим берүү жана илимий потенциалын сактоо жана өнүктүрүү, улуттук идеяларды жаратуу жана өлкөнүн интеллектуалдык элитасын калыптандыруу боюнча жалпы багытын колдоо.

Бул миссия Кыргыз Республикасынын Президентинин "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" унгужолу доктринасында доктринасында белгиленген идеяларга ылайык, илим менен мамлекеттин өнүгүшүнүн бөлүнгүс байланышын таанып, илимсиз коом – келечексиз коом экендигин өзөктүү принцип катары кабыл алып, бардык илимий ишмердүүлүктө жаңы технологияларды, инновацияларды, глобалдык илимий жетишкендиктерди өздөштүрүүнү жана эл аралык деңгээлде атаандашууга жөндөмдүү илимий чөйрөнү түзүүнү негизги багыт катары коёт.

**Илимий ишмердүүлүк саясатынын максаты, милдеттери жана принциптери**

**Концепциянын негизги максаты – университеттин илимий-инновациялык потенциалын өнүктүрүү жана трансформациялык шарттарда окуу процессинин, илимдин жана реалдуу сектордун өз ара байланышын күчөтүү:**

- окуу дисциплиналарынын мазмунун жаңыртууга көмөктөшкөн, биринчи кезекте фундаменталдык илимий-техникалык изилдөөлөрдү өнүктүрүү;
- жаңы илимий багыттар жана өндүрүштүн артыкчылыктуу муктаждыктары боюнча колдонмо илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, инновациялык ыкмаларды эске алуу менен чыгармачыл кадрларды даярдоонун жаңы багыттарын ачуу;
- илимий жана окуу лабораторияларынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү менен айкалышкан окуу-илимий-өндүрүш түзүмдөрүн (бирикмелерди, инновациялык борборлорду, тармактар аралык лабораторияларды, ) түзүү;
- университетте жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жайылтуу жана коммерциялаштыруу.

**Компетенттүүлүккө негизделген мамиле менен кадрларды даярдоо жана жогорку кесиптик билим берүү системасында инновациялык идеялардын жана технологиялардын күчтүү булагын калыптандыруу төмөнкү милдеттерди чечүүнү талап кылат:**

- илимдин артыкчылыктуу багыттары боюнча фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү, бул принципиалдуу жаңы технологияларды, техникаларды жана материалдарды иштеп чыгып, университеттин мамлекеттик жана өндүрүштүн буйрутмаларын аткарууга, эл аралык долбоорлорго катышуусуна шарт түзүү;
- университеттин профессордук-окутуучулар курамы жана кызматкерлери тарабынан коомдук, экономикалык, табигый жана башка илимдер боюнча актуалдуу маселелерге арналган кандидаттык, PhD жана доктордук диссертацияларды даярдоо жана коргоо (диссертациялык изилдөөнүн же ачылыштын жыйынтыктарын кафедраларда талкуулап, коомчулукка жайылтуу - университеттин сайтына, соц. тармактарга жайгаштыруу);
- илимий жетишкендиктерди жана технологияларды эске алуу менен окуу процессин уюштуруу, бул илимий-техникалык прогресстин жана өзгөрүп жаткан социалдык шарттардын талаптарына жооп берет;
- илимий саясатты ишке ашырууда илим менен мамлекеттин келечегинин бөлүнгүс экендигин таанып, илимсиз коом өнүкпөй турганын негизги башат катары кароо;
- илимдин бардык тармактарында инновациялык технологиялардын акыркы ачылыштарын колдонууга жетишүү, дүйнөлүк илим менен тыгыз байланышта болуу аркылуу КУУнун илимий багыттарынын глобалдашуу деңгээлин жогорулатуу;
- университеттин реалдуу экономика сектору жана академиялык илим менен кызматташуусун кеңейтүү;
- министрликтер, ведомстволор жана мамлекеттик агенттиктер менен илимий негизделген укуктук-ченемдик актыларды жана коомдун институционалдык маселелерин чечүүгө багытталган кызматташууну кеңейтүү;
- университеттин тажрыйбалык-эксперименттик базасын өнүктүрүү жана натыйжалуу пайдалануу, ойлоп табуучулук жана рационализатордук ишмердүүлүктү уюштуруу;
- илимий-техникалык кызматтар рыногун изилдөө, илимий-техникалык продукцияны эл аралык нормаларга ылайык маркетингдик маалыматтык жана патенттик-лицензиялык камсыздоо;
- илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча макулдашууларды, меморандумдарды түзүү аркылуу мамлекеттик органдар жана ири ишканалар (өндүрүш) менен байланыштарды институционалдаштыруу;
- илимий-техникалык продукциянын эл аралык рыногуна чыгуу, эл аралык илимий-техникалык программаларга катышуу;
- окумуштуулардын жетишкендиктерин массалык маалымат каражаттары аркылуу жайылтуу, монографияларды басып чыгаруу, көргөзмөлөргө, жарманкелерге катышуу;
- илимий натыйжаларды Scopus, Web of Science ж.б. эл аралык илимий журналдарда жана «КУУнун Жарчысы» илимий журналына жарыялоо.

***Стратегиялык максатка жетүү принциптери:***

- илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү саясатын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда социалдык, экономикалык жана технологиялык чындыктарды объективдүү эсепке алуу;
- реалдуу сектордогу башкарууну жана өндүрүштү технологиялык модернизациялоого багытталган фундаменталдык, проблемалык жана колдонмо изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө артыкчылык берүү;
- университетте илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган орто мөөнөттүү (5–10 жылдык) пландаштыруу;
- университет менен өндүрүш субъекттердин ортосунда туруктуу инновациялык байланыш системасын түзүү; билим берүүнүн деңгээлин, стандарттарын жана сапатын колдоо жана өнүктүрүү, анын мазмунун заманбап илимий талаптарга ылайык үзгүлтүксүз жаңыртуу;
- илимий изилдөөлөр менен билим берүү процессинин алдын ала өнүгүүсү жана интеграциясы;
- сунушталган чечимдердин, долбоорлордун инновациялуулугу жана үнөмдүүлүгү;
- заманбап билимге жана илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына кеңири жеткиликтүүлүктү камсыздоого багыт алуу;
- студенттердин гуманитардык баалуулуктарын калыптандыруу, моралдык багыттарды жана патриотизмди өнүктүрүү, билим алуу жана илимий ишмердүүлүктө эркиндикти колдоо.

***Илимий изилдөөнүн артыкчылыктуу багыттары***

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттары мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негизги принциптерине, Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болгон 193 мамлекет 2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү боюнча документке, ошондой эле университеттеги илимий мектептердин реалдуу жетишкендиктерине таянып аныкталган :

- Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсү: социалдык-экономикалык жана саясий трансформациялар;
- Кыргыз тилинин маданияты жана азыркы шарттарда иштешин сактоо жана өнүктүрүү;
- Жашыл экономика жана туруктуу өнүгүү: Кыргызстандын экологиялык жана экономикалык чакырыктары;
- Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо: жашоо сапатын жогорулатуу жана оорулардын алдын алуу;
- Кыргызстандын экосистемаларынын контекстинде климаттын өзгөрүшү жана жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу;
- Кыргызстандагы Индустрия 4.0: өнөр жайдагы санариптештирүү жана автоматташтыруу келечеги;
- Билим берүү жана илимий изилдөөлөрдө санариптик трансформация: инновациялык ыкмалар жана практикалар;
- Гуманитардык көйгөйлөрдү чечүүнүн инновациялык ыкмалары.

### *Илимий ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу механизмдери:*

- Окумуштуулар менен студенттер үчүн колдоочу шарттарды түзүү аркылуу илимий демилгелерди стимулдаштыруу.
- Илимий ишмердүүлүктү университеттин туруктуу процесстерине интеграциялоо үчүн илимий саясатты институционалдаштыруу.
- Инновациялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн бизнес жана өндүрүштүк түзүмдөр менен кызматташууну ресурс жагынан колдоо.
- Илимий изилдөөлөрдү биргелешип жүргүзүү жана жыйынтыктарын практикада колдонуу үчүн тышкы уюмдар менен туруктуу өнөктөштүктөрдү түзүү. Окуу процессинин, илимдин жана практиканын интеграциясынын формалары

### *Илимий ишмердүүлүктү уюштуруу формалары*

**Университеттин окуу-илимий комплексинин курамында төмөнкү илимий түзүмдөр иштей алышат:**

- илимий түзүмдүк бөлүмдөр;
- университет негиздөөчүсү болгон юридикалык жак макамындагы илимий уюмдар;
- биргелешкен ишмердүүлүк боюнча келишимдердин негизинде окуу-илимий комплексинин курамына кирген башка илимий уюмдар;
- кафедраларда калыптанып, өнүгүп жаткан илимий мектептерге ээ болгон илимий-изилдөө институттары жана борборлор.

### *Окуу процесси, илим жана практиканын интеграциясынын формалары*

**Окуу процесси, илим жана практика төмөнкү механизмдер аркылуу интеграцияланат:**

- адистерди даярдоодо илимий-техникалык жетишкендиктерди пайдалануу;
- студенттерди университет жүргүзгөн илимий-изилдөө иштерине тартуу;
- жаш окумуштуулар, студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, PhD докторанттардын илимий жана техникалык чыгармачылыгынын ар кандай формаларын өнүктүрүү боюнча илимий, илимий-методикалык жана уюштуруучулук ишмердүүлүгүн жүргүзүү;
- университет жүргүзгөн изилдөөлөрдүн негизинде түзүлгөн жаңы окутуу технологияларын жана ыкмаларын окуу процесси аркылуу ишке ашыруу;
- университеттин илимий бөлүмдөрүнүн базасында активдүү илимий иштин ар кандай формаларын уюштуруу;
- окуу процессин уюштурууга алдыңкы окумуштууларды жана экономикадагы практик адистерди тартуу;
- кызыкдар министрликтер жана ведомстволор менен биргеликте окуу-илимий-өндүрүш бирикмелерин жана комплекстерди, тармактар аралык лабораторияларды, илимий борборлорду түзүү жана алар аркылуу илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү.

**Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын иллюстрациялоо төмөнкү жолдор аркылуу жүзөгө ашырылат:**

- илимий-техникалык продукция рыногун маркетингдик изилдөө;

- эл аралык, тармактык, илимий-техникалык, өнөр жай, коммерциялык жана башка көргөзмөлөргө катышуу;
- Scopus, Web of Science жана башка эл аралык басылмаларда макалаларды жарыялоо;
- университетте кабыл алынган Жобого ылайык «КУУнун Жарчысы» журналынын редколлегиясына жөнөтүлгөн макалалардын сапатына талаптарды жогорулатуу;
- тематикалык жыйынтыктарды жана адистештирилген басылмаларды потенциалдуу керектөөчүлөр арасында таркатуу;
- университеттеги илимий мектептердин жана изилдөө багыттарынын презентацияларын өткөрүү;
- университеттин мыкты илимий иштерине сынактарды өткөрүү жана илимий изилдөөлөрдүн конкреттүү багыттары боюнча маалымат банктарын түзүү;
- илим жана техника боюнча актуалдуу маселелер боюнча илимий конференциялар жана семинарларды өткөрүү.

**Эл аралык илимий-техникалык кызматташтыктын формалары:**

- чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары жана илимий уюмдар менен биргелешип илимий-техникалык долбоорлорду иштеп чыгуу;
- жогорку натыйжалуу илимий-техникалык продукцияны коммерциялык негизде иштеп чыгуу;
- жаш окумуштуулардын, студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, PhD докторанттар жана жаш адистердин чет өлкөлөрдө стажировкадан өтүүсү;
- биргелешкен илимий, илимий-техникалык жана илимий-изилдөөчү лабораторияларды түзүү жана алардын негизинде илимий продукцияны чыгаруу, илимий кызматтарды көрсөтүү;
- илимий изилдөөлөрдү коммерциялаштыруу;
- маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү жана кеңеш берүү кызматтарын көрсөтүү.

**Илимий ишмердүүлүктү каржылоо төмөнкү булактардан жүзөгө ашырылат:**

- илимий-педагогикалык кызматкердин жеке планы;
- ички каражаттар жана гранттар;
- бюджеттен тышкаркы каражаттар;
- илимий кызматтардын кардарларынын каражаттары;
- эл аралык уюмдардын жана фонддордун каражаттары;
- башка булактар.

**Концепцияны ишке ашырууга багытталган уюштуруучулук иш-чаралар:**

- регионалдык экономиканын учурдагы жана келечектеги өнүгүүсүн, маселелерин талдоо топторун түзүү;
- маалымат борборун (пресс-борборду) түзүү;
- басмакананын өнүгүүсү - университетте иштелип жаткан актуалдуу илимий жана билим берүү маселелери боюнча илимий ойлорду өнүктүрүү жана жайылтууда илимий-изилдөө аракеттерин бириктирүү максатында «КУУнун Жарчысы» илимий журналынын статусун көтөрүү.
- "КУУнун Жарчысы" илимий журналына эл аралык базаларга кирүүдө чет өлкөлөрдүн белгилүү авторлорун тартуу.
- Жарыяланган материалдардын сапатын жогорулатуу максатында басууга келип түшкөн макалаларды баалоо үчүн жогорку квалификациялуу илимий кызматкерлер тарабынан тийиштүү

жарыялоо багыттары боюнча "КУУнун Жарчысы журналынын" рецензенттеринин институтун түзүү.

- илимий-изилдөө долбоорлорун жана программаларын каржылоочу эл аралык фонддордун маалымат базасын түзүү;
- министрликтер, ведомстволор, облустук жана шаардык администрациялар, ири ишканалар менен илимий-техникалык кызматташтык боюнча келишимдерди түзүү жана фандрайзинг жүргүзүү.

**Илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктүн аткарылышын чагылдырган көрсөткүчтөр:**

- мамлекеттик жана реалдуу экономика секторлорунун Илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер болгон университетке берген заказдарынын көлөмүнүн көбөйүшү;
- университеттеги чакан инновациялык борборлор жана лабораториялар чыгарган продукциялардын көлөмүнүн өсүшү;
- университеттин профессордук-окутуучулар курамынын, аспиранттарынын, PhD докторлорунун цитаталануу индексинин өсүшү;
- магистранттардын реалдуу сектор ишканаларында илимий жана өндүрүштүк практика өтөөсү;
- чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешип билим берүү/илимий программаларды жүзөгө ашыруу же изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча келишимдердин санынын көбөйүшү;
- университеттин профессордук-окутуучулар курамынан кеминде 35%ы тармактык жогорку технологиялык ишканалардын адистери менен биргелешкен Илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук катышуусу;
- университетке кирбеген, жумуш берүүчүлөрдөн жана жергиликтүү администрациялардан түзүлгөн "Башкаруучулар кеңешин" түзүү (мүчөлөрүнүн 2/3 бөлүгү);
- кесиптик стандарттарды университет окумуштуулары менен жумуш берүүчүлөр биргелешип иштеп чыгышы.

Аткаруучу: илим бөлүмүнүн башчысы - Качкын уулу А. ________ "16" июнь 2025-ж.

Макулдашылды:

Биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор Шамшиев А.Б.

Илимий иштер боюнча проректор Камчыбек уулу М.

Юридика бөлүмүнүн башчысы Токтоналиев Р.К.